СТУДЕНТТЕРДИН КООМДУК, МАДАНИЙ-АГАРТУУЧУЛУК ГЕЗИТИ

# Арабаев пресс

Окуу – түндө алдындагы шам чырак,
Билим алсаң маңдай ачык жаркырап
сөздүн автору: Ж.Баласагын

И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КМУ

№007(07) / 4-ОКТЯБРЬ/ 2019-ЖЫЛ

ЖЕЛБИРЕЙТ - БИЛИМ БАЙРАГЫ

ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН РЕКТОРУ АБДЫРАХМАНОВ ТӨЛӨБЕК АБЫЛОВИЧ



## КУТТУКТОО

*Ардактуу кесиптештер, Сиздерди 5- октябрь мугалимдер күнү менен чын дилимден куттуктайм!*

*Бул күн жаш жеткинчектердин сабатын жоюп, тарбия бергендердин майрамы. Бул күн жаштарга илимий билим берип, мамлекеттин интеллектуалдык ресурсун байыткандардын майрамы.*

*Коомубуздун өнүгүшүндө мугалимдердин орду ченемсиз экенин эч ким тана албайт. Кесибинин түйшүгүнө карабай жоопкерчилик алып, чын дили менен иштеп келе жаткан биздин мугалимдерибизге терең ыраазычылык билдирем.*

*Бүгүнкү майрам күнүндө эң ардактуу кесип ээлерине бекем ден-соолук, үй-бүлөлүк ынтымак-ырашкерлик, иштерине албан ийгиликтерди жана ар тараптуу бардарчылык жашоо каалайм. Жигердүү мугалим университетибиздин билим берүү ишиндеги жетишкендиги жана сыймыгы. Майрамыңыздар менен кесиптештер!*


ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫ БОЛУП ӨТТҮ
2-бетте

РЕКТОР КГУ ПРИНЯЛ СОЦИАЛЬНЫХ ПЕДАГОГОВ ИЗ ВУЗОВ НОРВЕГИИ И РОССИИ
2-бетте

СМЫСЛ ЖИЗНИ, ПОНЯТИЕ ВРЕМЕНИ И РАЗМЫШЛЕНИЯ О ВЕЧНОМ
2-бетте

СТУДЕНТТЕРДИН АГАЙ-ЭЖЕЛЕРГЕ АРНАГАН КУТТУКТООЛОРУ!
3-бетте

УНИВЕРСИТЕТТИН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮ 30 ЖЫЛДАН КИЙИН ЧОГУЛУШТУ
6-бетте


Мугалим мөмөлүү дарак...



# Майрамыңыздар менен ардактуу агай-эжелер!

## Тарых факультетинин студенттери манасчы Рыспай Исаков менен жолугушушту

24-сентябрда университеттин Чыңгыз Айтматов атындагы жыйындар залында Тарых жана социалдык –укуктук билим берүү факультетинин 1- курсунун студенттери белгилүү манасчы, Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артистти Рыспай Исаков менен жолугушту. Анда студенттер манасчыга кызыккан суроолорун берип жооп алып, кеңири маектешишти. Манасчы:-Манас дүйнөсү, адабият, маданият, билим тууралуу кызыктуу маек куруп берди. Жолугушуу кечесин жогоруда белгилеген Тарых факультети уюштурду.





## Ректор КГУ Толобек Абдырахманов принял социальных педагогов из ВУЗов Норвегии и России

Ректор КГУ Толобек Абдырахманов принял социальных педагогов из ВУЗов Норвегии и России, встреча прошла очень продуктивно, и обсуждался вопрос о дальнейшем сотрудничестве. Доктор педагогический наук профессор Галагузова Юлия Николаевна из Уральского государственного педагогического университета город Екатеринбург вручила в подарок книгу - в честь сотрудничества с нашим ВУЗом на протяжении трех лет.



## КМУда Мамлекеттик тилдин кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына карата иш-чаралар өтүүдө

23-сентябрь Мамлекеттик тилдин 30 жылдыгына карата университеттин Физика-математика жана маалыматтык технологиялар факультети да студенттер даярдаган кече менен өз иш- чарасын өткөрдү.Иш-чара башкы корпустагы Чыңгыз Айтматов атындагы жыйындар залында өттү. Анда студенттер энетилге арналган макал- лакаптарды айтышып, ырларды окушту.

## Университетте Кыргыз-кытай соода- сатык алакасы тууралуу жыйын болду

2- октябрда И. Арабаев атындагы КМУда Кыргыз-кытай мамилеси, эки өлкөнүн ортосундагы соода-сатык алака тууралуу чакан жыйын болуп өттү.

Ага коомдук ишмер, ишкер Аскар Салымбеков, Кыргыз Эл артисти Болот Шамшиев, эксперттер Марат Казакпаев, Марс Сариев, Бакыт Бакетаев, Жогорку Кеңештин депутаты, коммунист Искак Масалиев ж.б. белгилүү инсандар катышышты. Жыйынды кытай мамлекетин жакындан билген эксперт Айдасов Айболот уюштурду.







## И. Арабаев КМУнин кызматкерлери Ургенч жана Каракалпак мамлекеттик университеттерине илимий иш сапарында болуп келишти

2019-жылдын 8-15-сентябрь күндөрү Билим берүү сапаты жана мониторинг бөлүмүнүн башчысы Д.К. Тиленова жана география кафедрасынын доценти Э.Т. Токторалиев Ерасмус+ программасынын «Борбордук Азияда курчап турган чөйрөнү коргоо: мейкиндик усулдарын колдонуу менен кырсыктар тобокелчиликтерин башкаруу" аттуу долбоордун алкагында Өзбекстандын Ургенч жана Каракалпак мамлекеттик университеттерине илимий иш сапарында болуп келишти. Аталган окуу жайларында долбоор жана Болон системасынын өзгөчөлүктөрү боюнча окуулар өтүлдү. Ошондой эле аймактын географиялык жана экологиялык (Арал деңизинин жоголуусу жана анын кедергиси) өзгөчөлүктөрү менен таанышуу болду.

## Окумуштуулар кеңешинин жыйыны болуп өттү



26- сентябрда И. Арабаев атындагы КМУнун Окумуштуулар кеңешинин жыйыны болуп өттү. Жыйында 2019-2020-жылындагы университеттин Окумуштуулар кеңешинин иш планын бекитүү иши каралды. Окуу бөлүмүнүн башчысы Капалбаев Октябрь Эркинович окуу процесси боюнча кыскача баяндама жасады.

Ошондой эле жыйында буга чейин музыка кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучу болуп келген Кыргыз Эл артистти Атайбек Бодошовду КРнын Жогорку Аттестациялык Комиссиясына "профессор" наамына сунуштоо, Кыргыз Эл баатыры, И. Арабаев атындагы КМУнун окутуучусу Алымкулов Алиясбек Төлбашевичти "Социология" адистиги боюнча доцент наамына сунуштоо маселелери каралды.

Ошону менен бирге эле Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сыйлыктарына сунуштоо.

1. Илимий китепкананын мүдүрү Давлетярова Нурила Айтбаеванын талапкерлигин "КРнын Маданиятына эмгек сиңирген ишмери" наамын ыйгарууга сунуштоо.
2. И. Арабаев атындагы КМУнун эмгек сиңирген ишмери наамына: Атайын педагогика жана психокоррекция кафедрасынын доценти Ш. Джумабекованы сунуштоо.
3. И. Арабаев атындагы КМУнун "Ардактуу профессору" наамына: Белгилүү уста,акын Шаршембиев Жылкычынын талапкерлигин сунуштоо.
4. Басмага сунуштоо: Филологиялык билим берүүнүн практикалык курсу кафедрасынын доц. м.а. С. Аманбаева, доцент Т. Шамурзаеванын "Русский язык: как второй" аттуу окуу- методикалык куралын басмага сунуштоо.



## Смысл жизни, понятие времени и размышления о вечном

Народный писатель Кубатбек Жусубалиев провел встречу с журналистами, писателями, профессорами и студентами в главном зале. На встрече он рассказал о главных философских мыслях которые посещали его на протяжении всей его жизни. И о том как скоротечно время в контексте человеческой жизни. "Людям сейчас ничего не нужно, они ничем не интересуются, главное для них это - деньги.." - зал смеется и аплодирует.







## КМУда шахмат боюнча ардагерлер арасында мелдеш өттү

28-сентябрдан 1- октябрга чейин Ишеналы Арабаев атындагы КМУнун чоң жыйындар залында 1- октябрь Эл аралык карылар күнүнө карата ардагерлер арасында шахмат боюнча Республикалык олимпиада болуп өттү. Мелдеште 80 жашка чейинки 80 ге жакын ардагер күч сынашты.



АЙДАНА ЭЛМИРБЕК КЫЗЫ,
И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН СТУДЕНТИ:

# Мен мугалим

Заман башка, а дүйнө муң армандуу
Байлык эңсеп элибиз кумарланды.
А мен болсо жүрөктү тазартам деп,
Ыр окудум чогултуп угарманды.

***

Ичи-тардык, ачкөздүк жуурулушкан,
Тажап жүрөм тартипсиз кубулуштан.
Кайда барба кейитет, ичим өрттойт,
Ач адамдар акчага жулунушкан.

***

Мен мугалим билим деп таң атырган,
Тазалыкка, актыкка жаратылган.
Чындык менен жашаган мугалимде,
Максаттар көп жер кезип бара турган.

***

Акчасы аз, бирок биз шүгүр дейбиз.
Байлык издеп бийликке жүгүрбөйбүз.
Кайдыгерлик кур намыс жалтанта да,
Наадандарга баш ийип жүгүнбөйбүз.

***

Эң биринчи жүрөктө окуу турган,
Бакыт таптык билимдин чокусунан.
Алтын издеп башкалар жанталашса,
А мугалим кенч издейт окуучудан.

# Студенттердин агай-эжелерге арнаган куттуктоолору!



ЧЫГЫШ ТААНУУ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР ФАКУЛЬТЕТИНИН 4- КУРСУНУН СТУДЕНТИ ДАВЛЕТАЛИЕВА БАКТЫГҮЛ

Агайыбыз Сон Дон Уон корей тили сабагын берип, факультетибизде көп жылдан бери иштейт. Студенттерге берген билими чексиз. Сабактарды да абдан кызыктуу кылып өтөт. Агай, Сизди мугалимдер күнү менен куттуктайм. Сизди абдан сыйлайбыз, урматтайбыз. Ден соолукта болуңуз. Иштериңизге ийгиликтерди каалайбыз!

ЭКОНОМИКА ЖАНА МЕНЕДЖМЕНТ ИНСТИТУТУНУН 4-КУРСУНУН СТУДЕНТТЕРИНИН АГАЙ-ЭЖЕЛЕРИНЕ АРНАП ЖАЗГАН КУТТУКТООСУ:

Экономика жана менеджмент институтунун студенттери факультетибизде эмгектенген агай- эжелерибизди кесиптик майрамдары менен чын дилибизден куттуктайбыз. Агай- эжелерибизге чын ден соолук, бакубат турмуш жана жетишкендиктерди каалайбыз. Биз Сиздерди жакшы көрөбүз, урматтуу агай- эжелер!






ОРОЗБЕКОВА ЖУМАЯН, КУРАТОРУ АНАРБЕКОВА МАРИЯ ЭЖЕСИНЕ АРНАП ЫР ТҮРҮНДӨ ЖАЗГАН КУТТУКТООСУ:

*Жашоого жол көрсөтүп багыт берген,*
*Талыкпас акыл, эмгек, сөзү менен.*
*Билимден бийиктикти урмат- сыйды,*
*Табышкан ак эмгектен, маңдай терден.*

***

*Келечек ээлерине берип билим,*
*Эмгектен көрсөк дешип элдин сыйын.*
*Ачкычын бул турмуштун ачып берээр,*
*Мугалимдин кесиби татаал, күнү кыйын.*

***

*Терметип билимине алтын бешик,*
*Келгин деп канчаларга ачып эшик.*
*Үйрөтөөр бул дүйнөнүн көп сырларын,*
*Мугалим болуу бийик, татаал кесип.*

## *Мугалимдин портрети*

*Ким тарткан жупуну бул портретти?*
*Боёгунун түсү күңүрт ажарланбай,*
*Натурасы коомайланат араң жандай,*
*Бырыш-тырыш костюму бойго тардай,*
*Бүчүлөнгөн көйнөгүндө галстук жок,*
*Элеттен келе калган пендеге окшоп,*
*Чыбыр-чыбыр беттеги бырыштары,*
*Эске салат дервиши Чыгыштагы,*
*Канча үңүлбө сен анын келбетине,*
*Анча окшобойт мугалимдин бейнесине.*

*Негедир көзү гана башкачараак,*
*Карасаң каның дүргүп башка чабат,*
*Аңтаргандай арыңды, уятыңды,*
*Кареги карек көзөп турат карап:*
*« Азгантай айлыгыңа алымсынып,*
*Мага окшоп жашадыңбы каның сыгып?*
*Жалтаңдап сүйлөй албай балдарыңа,*
*Күлала болдуң беле шагың сынып?»*
*Дегендей көз ирмебей тике карап,*
*Мунайым муң аралаш суроо салат.*

*Ойлорум ойрон болуп алаксыган,*
*Арбалам портретти карап улам.*

*Каржалган кайдагы бир абышканы,*
*Ичимден боор тартып аяп турам.*
*Менде да кечирилгис күнөө бардай,*
*Жан сыздап жараланып канап турам...*

## *Этюд*

*Булут каптап шамал минген,*
*Күндү көздөн жашырат.*
*Каардуу аалам кара кийген,*
*Жарылчудай чатырап.*
*Асманды ким жара тилген?*
*Жамгыр төктү шатырап.*
*Гүлгө назик башын ийген,*
*Жанын койбой асылат.*
*Шок жамгырлар оюн сүйгөн,*
*Бермет болуп чачылат.*

*Жүдөй түштү бак дарактар,*
*Түрү жүндөй түксүйүп.*
*Жыпжылаңач ашкабактар,*
*Ичиркенет бүкчүйүп.*
*Күн тарапты аңдып улам,*
*Чыйрыгат Жер үшкүрүп,*
*Көйнөк кийген саргыч ыраң,*
*Карап турат Күз күлүп...*



# Майрамыңыздар менен биздин сүйүктүү мугалимдер

## Канчайым Алиевна, бар болуңуз!



Токтогонова Канчайым Алиевна - музыка кафедрасынын доценти, И. Арабаев атындагы КМУнун "Ардактуу профессору", эмгектин ардагери. Келе жаткан мугалимдер жана карыялар күнү кош майрамы менен куттуктайбыз. Канчайым Алиевна университетте 40 жылдан ашуун убакыттан бери аталган кафедрада эмгектенип, үндү коюу (вокал) дисциплинасынан сабак берет. Бул мезгил аралыгында жүздөгөн студенттерге ырдоо эрежелерин үйрөтүп, профессионал музыкант болуусуна өз салымын кошуп келе жатат. К. Токтогоновнанын аткаруусунда ондогон кыргыз орус ырлары, романстары КТРКнын "алтын фондуна" кабыл алынган. Сиздин мындан аркы ишиңизге ийгилик, чың ден соолук каалап, келе жаткан кош майрамыңыз менен куттуктайбыз, биздин сыймыктуу эжебиз, Канчайым Алиевна, бар болуңуз!

**КӨРКӨМ МАДАНИЯТ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ ФАКУЛЬТЕТИНИН ЭМГЕК ЖАМААТЫ**

## КМУнун ардактуу профессору Чынаркүль Давлетова эжебизди куттуктайбыз

Чынаркүль Самаковна Давлетова И.Арабаев атындагы КМУда 1981-жылдан бери биология жана химия факультетинде эмгектенип келет. Ушул убакыт аралыгында ал катардагы окутуучудан профессорлукка чейин жетти. Ишмердигиндеги 30 жыл ичинде окутуучулук, илимий изилдөөчүлүк, уюштуруучулук жана коомдук иштерде жигердүүлүк менен өзүн көрсөтө алды.



Ч.С. Давлетова фундаменталдык, прикладдык биологиялык дисциплиналар боюнча лекция окуйбу, лабораториялык сабактарды, семинарларды өтөбү, ишине так, жогорку кесипкөй чебердикти көрсөтө алган. Муну окуу-методикалык комиссиянын мүчөлөрүнүн жана коллегаларынын пикири тастыктап турат. Эң негизги көрсөткүч – бул студенттерге берген билими.

Окуу-тарбиялык, илимий-изилдөөчүлүк иштеринде көрсөткөн жигердүүлүгү үчүн университеттин бир катар Ардак грамоталары, ВЦСПСтин Ардак грамотасы, КР Билим берүү жана илим министрлигинин эки Ардак грамотасы менен сыйланган, «И.Арабаев атындагы КМУнун Ардактуу профессору», «Россиялык табигый илимдер академиясынын профессору», «Россиялык табигый илимдеринин илим жана билим берүүсүнүн эмгек сиңирген ишмери» наамынын татыктуу ээси.

**КУТТУКТООНУН ЭЭЛЕРИ БИОЛОГИЯ ЖАНА ХИМИЯ ФАКУЛЬТЕТИНИН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ**

## Эң мээримдүү, татынакай эжебиз

Алтын, жакут, берметтей билим деңизинде кеме айдаган, келечек муундарга нурун чачкан башталгыч мектепте кыргыз, орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору Чокошева Бурул Сапаровна! Сизди мугалимдер күнү менен чын жүрөктөн куттуктайбыз! Караңгыны жарык кылган шам чырак сыяктуу адамзаттын дүйнө таануусун калыптандырып, атуулдук бийик рух менен эмгектенип, бизге окшогон далай студенттерге билим тарбия берип келе жатканыңызга биз таазим этебиз!



*Эң мээримдүү, татынакай*
*эжебиз,*
*Сизге дайым каалоо айтып*
*келебиз.*
*Баарыбызды билим менен*
*сугарып,*
*Сүйүү менен сабак берип*
*келесиз.*

*Кесиптештер арасында*
*каймагысыз,*
*Окуу жайда мөмөлүү*
*аймагыныз.*
*Узак жашап биздин*
*Бурул эжеке,*
*Куттуу болсун мугалимдик*
*майрамыңыз!*

**ПЕДАГОГИКА ФАКУЛЬТЕТИ, ПБ-14-17 ГРУППАСЫНЫН СТУДЕНТТЕРИ**

## Эжекебизди куттуктайбыз!

Физика-математикалык билим берүү жана маалыматтык технологиялар факультетинин физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасында көп жылдан бери эмгектенип жүргөн сүйүктүү эжебиз Шаршенова Алчагүлдү мугалимдер күнү менен куттуктайбыз. Алчагүл эже 1965- 1971- жылдары Талас облусундагы Ленинполь районунда "Бейшеке" орто мектебинде эмгектенген. Ал эми 1972- жылдан баштап ушул убакка чейин аталган факультетте үзүрлүү иштеп келет. Эженин агартуучулук кесипке кошкон эмгеги өтө зор. Эмгеги өз учурунда бааланып, көптөгөн сыйлыктар менен сыйланган.



**ФИЗИКА-МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ФАКУЛЬТЕТИНИН ЭМГЕК ЖАМААТЫ**

## *Мугалимге арналган учкул сөздөрдөн*

*Окуучуга мектептеги эң маанилүү кубулуш, эң үлгү болоорлук сабак, эң жандуу мисал бул – мугалим.*

**(А. Дистервег)**

*****

*Ким эскини алпештеп, жаңыны аңдап-билсе, андай адам, мугалим боло алат.*

**(Конфуций)**

*****

*Биз кимден билим алсак, алар биздин окутуучубуз атына ээ, бирок үйрөткөндүн бардыгы окутуучу атынын баркына жете бербейт.*

**(И. Гете)**

*****

*Жакшы мугалим болуу үчүн, окуткан сабакты жана окуучуну сүйүү зарыл.*

**(В. Ключевский)**

*****

*Мектеп мугалимдери, ушундай бийликке ээ болуп, премьер-министрлердин андай бийлик кыялында гана болот.*

**(У. Черчилль)**

*****

*Мугалим бул – оор нерселерди оңой кылуучу адам.*

**(Р. Эмерсон)**

*****

*Эгер мугалимде жумушуна гана сүйүүсү болсо, анда ал жакшы мугалим. Эгер мугалимде окуучуларга, анын атасы жана энесиндей сүйүүсү болсо, анда ал бардык китептерди окуган, бирок жумушуна да, окуучуларга да сүйүүсү жок мугалимден жакшы. Эгер мугалимде жумушуна да, окуучуларга да сүйүүсү болсо, анда ал – мыкты мугалим.*

**(Л. Толстой)**

# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ ЧТЭМ ФАКУЛЬТЕТИНИН АГА ОКУТУУЧУСУ ИДИРИСОВ МЕДЕРБЕК КОШУБАКОВИЧ.



Билим берүү эң кайрымдуу, ары түйшүктүү, ары жоопкерчиликтүү, ошол эле учурда сыймыктуу ушул кесипти аркалап келе жаткан университетибиздеги жана жалпы билим берүү тармагындагы агайларымды, эжейлеримди жана кесиптештеримди 5-октябрь "Мугалимдер күнү" менен жеке өзүмдүн атымдан жана ЧТЭМ факультетинин окутуучулар жамаатынын атынан куттуктайм.

"Мугалим окуптун турганда гана жашайт, окутканды токтотор замат андагы мугалимдик сапат өчөт"- деген окмуштуулардын пикири бар. Демек, мугалим бир эле учурда үйрөнүүчү, үйрөтүүчү жана тарбиячы деген милдетти аткарып келет. Мына ошол түмөн-түйшүктүү иш-аракетиңиздер үзүрлүү улансын.

Мугалим ... кандай гана ардактуу адам. Мугалимдик-кесип өчен кылымдардан бери келе жаткан көөнөрбөс кесип. Мугалим - өзүнүн жакшы сапаттарын, билимин, тарбиясын окуучуга жеткирүүгө бүт дараметин жумшаган, талыкпастан изденген, коомдогу илим-билим казынасын жаш муундарга берген ардактуу адам. Билим берүү системасы канчалык ийгиликтүү болсо, келечекти куруу да ошончолук ийгиликтүү болорун азыркы глабалдашуу доору ачыкка чыгарды. Коомдун келечеги, анын ичинде ар бир инсандын келечеги, мугалимдин ишмердигине көз каранды. Бул кесип ээлери жөнүндө айта берсе сөз түгөнбөйт.

Жалпы билим берүү тармагындагы мурастын кутун учурбай аяр сактап, кийинки муундарга өткөрүп берүү негизги милдетибиз. Майрамыңыздар кут болсун!!!



# КАЛДЫБАЕВА АЙЧҮРӨК ТОКТОПОЛОТОВНА, ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИНИН ДОКТОРУ, ПРОФЕССОР, ПЕДАГОГИКА КАФЕДРАСЫНЫН БАШЧЫСЫ:

Кесиптик майрамыңыздар менен урматтуу эң татаал, эң маанилүү жана коомдогу статусу бийик эң керектүү кесиптин ээлери. Сиздерге талыкпастан, чарчабастан илгери үмүттү көздөп эмгектенүүнү каалаймын! Ушул кесипти аркалап, бизден көп нерсени үйрөнүп билим алгысы келген студенттерибиздин да чын дилимден кутуктаймын. Келечек ээлерине ийгилик каалайм!



# ФИЗИКА- МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ФАКУЛЬТЕТИНИН ПРОФЕССОРДУК ОКУТУУЧУЛАР ЖАМААТЫН МУГАЛИМДЕР КҮНҮ МЕНЕН КУТТУКТАЙБЫЗ!

Мугалимдик иш-түйшүктүү ошону менен катар эле сыймыктуу иш. Анткени келечек муундарды окутуп, тарбиялап, турмуштун даңгыр жолуна багыт берип, адамдык сапаттарды калыптандырган, бийикке жеткирген- бул мугалим.

Караңгыны жарык кылган шам чырак сыяктуу адамзаттын дүйнө таануусун калыптандырган жаратмандык жана аттуулдук бийик рух менен эмгектенип келе жаткан да мугалим.

Мугалимдик кесипти туу тутуп, эмгек менен алп урушуп чарчаганын билишпей, окуткан балдары менен сыймыктанып иштеп жатышкан учурдагы мугалимдерге таазим этүү менен ыраазычылык кылабыз.

Андыктан урматтуу мугалимдер, ардактуу кесип ээлери Сиздерди кесиптик майрамыңыздар менен чын дилибиз менен куттуктап сиздерге бакубат жашоо, чын- ден соолук, кажыбас кайрат, үй бүлөлүк бакыт каалайбыз.

Мугалим сокурга-көз, дүлөйгө-кулак, караңгыга-чырак, жан дүйнөгө- азык берет. Мугалим чыныгы агартуучу, мугалим гана коомду аппак кылып тазалоочу бирден бир күч болуп эсептелет.

**Терең урматыбыз менен физика-математикалык билим берүү жана маалыматтык технологиялар факультетинин тарбия иштер боюнча координатору жана студенттик парламенти.**



# ПОЗДРАВЛЕНИЯ ПО СЛУЧАЮ ПРАЗДНОВАНИЯ «ДНЯ РАБОТНИКОВ СФЕРЫ ОБРАЗОВАНИЯ»

**ДОРОГИЕ УЧИТЕЛЯ, РАБОТНИКИ ОБРАЗОВАНИЯ, КОЛЛЕГИ!**

Поздравляю вас с нашим профессиональным праздником!

В эти дни весь просвещенный мир отмечает - «День работников образования и учителей». И мы, ППС и работники образования КГУ им.И.Арабаева ежегодно празднуем этот праздник! Как все представители системы образования Кыргызской Республики, наши преподаватели КГУ им. И.Арабаева вносят неоценимый вклад в становление и развитие кыргызского общества. Профессия педагога одна из самых сложных и ответственных, но вместе с этим, и благодарных. Преподаватель вкладывает всю душу в студентов и является проводником в мир новых знаний. Нелегкий труд преподавателя достоин большого уважения.

Это профессиональный праздник работников сферы образования в каждом учебном заведении отмечаются роль и заслуги педагогов в процессе качественного образования на всех уровнях.

За недолгую историю сложилось множество традиций празднования Дня учителя и работников сферы образования. Обычно в этот день студенты стараются лучше поздравить своих преподавателей. Студенты выражают свою благодарность за труд, знания и заботу.

И я присоединяюсь таким студентам и выпускникам нашего университета: «Дорогой преподаватель, мы хотим сказать вам истинное "СПАСИБО" за все те знания, силы и чувства, которые вы вкладываете в наших студентов. Ваш труд - бесценна!

Мы, организаторы образования и студенты благодарны Вам всю жизнь!»

**Профессор КГУ Иманбердиев Досаалы Чоюбекович!**

# Университеттин бүтүрүүчүлөрү 30 жылдан кийин чогулушту

1984- жылы окууга тапшырып, 1989- жылы окууну аяктаган И. Арабаев атындагы КМУнун бүтүрүүчүлөрү 30 жылдан кийин университеткечогулуп, жолугушушту. Ал маалда университетибиз «Кыз-келиндер институту» деп аталганы жалпыңыздарга маалым. Мына ошол «Кыз келиндер институтунун чет тилдер факультетин аяктаган бүтүрүүчү айымдар быйыл жайында, тагыраагы 2019-жылдын 16-июлунда университетке чогулуп, ЖОЖду бүткөндүгүнүн 30 жылдыгын белгилешти. Чогулган бүтүрүүчүлөрдүн көбү азыркы учурда жогорку окуу жайларында, мектептерде мугалим болуп иштешерин, арасында алтоо мектеп директорлору экенин билдиришти. Ошондой эле айрымдары райондук, облустук билим берүү башкармалыктарында жетектөөчү адисттик кызматтарда эмгектенерин да айтып өтүштү. Жолугушуу кечесин уюштургандардын бири азыркы тапта И. Арабаев атындагы КМУда ага окутуучу болуп иштеп жаткан Рысова Гүлай Турунбековна экенин белгилей кеткенибиз жөндүү.











# ИЙГИЛИКТҮҮ СТУДЕНТТЕР!



УЛАНОВ БАЯСТАН, И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН ЧЫГЫШ ТААНУУ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР ФАКУЛЬТЕТИНИН 1- КУРСУНУН СТУДЕНТИ:

## “ШАХМАТ ОЙНОЙМ, ФУТБОЛДУ СҮЙӨМ”

Баястан университетибиздин босогосун быйыл жаңы аттады. Учурда сабактан тышкары университеттеги спорттук иш-чараларга активдүү катышып, өзүнүн спортко жакын экенин көргөзүп жүрөт. Баястан, спорттогу жетишкендиктери тууралуу бизге буларды айтып берди.

-Спортко абдан жакынмын. Тактап айтсам бала кезимден эле футболго жана шахматка абдан кызыкчумун. Шахматты атам төрт жашымдан баштап үйрөтө баштаган. Биринчи классымда шахмат боюнча сынакка катышып, биринчи орунду багындыргам. Андан кийин райондук, облустук кароо сынактарга катышып, алардын баарынан тең биринчи орунду алгам. Азыркы учурда университетте өтчү шахмат боюнча ийримге жазылдым. Ошондой эле футболго да абдан кызыгам. “Эшберов” аттуу жаңы футболдук командада ойноп жүрөм. Буга чейин футбол боюнча мыкты оюнчу жана дарбазачы наамына ээ болгом.



КЕНЖЕЕВ КЫЛЫМБЕК, И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН ТАРЫХ ЖАНА СОЦИАЛДЫК УКУКТУК БИЛИМ БЕРҮҮ ФАКУЛЬТЕТИНИН 3- КУРСУНУН СТУДЕНТИ:

## “ТАРЫХЧЫ ДА, СҮРӨТЧҮ ДА БОЛСОМ ДЕГЕН ИЗГИ ТИЛЕКТЕМИН”

Кылымбек университетибиздеги таланттуу жана ийгиликтүү студенттердин бири. Ал буга чейин университетте өткөн жигиттер арасындагы кол өнөрчүлүк боюнча таймашка катышып, бир заматта көз жоосун алган көркөмдүү сүрөттү тартып, көпчүлүктү таң калтырган. Кылымбек сүрөтчүлүк өнөрү тууралуу буларга токтолду.

Сүрөттү беш жашымдан баштап тарта баштагам. Эң биринчи кишинин сүрөтүн тарткам. Мектепте окуп жүргөндө сүрөт сабагынан жалаң беш алчумун. Андан кийин кол эмгек, чийүү сабактарынан да беш алып жүрдүм. Мектепте сүрөт сабагынан окуткан К. К. Көлбаевич менен А. Н. Жумабекович агайларыма терең ыраазычылыгымды гезит аркылуу билдиргим келет. Сүрөтчүлүк өнөрүм менен мектепте окуп жүргөндө райондук кароо сынактарга катышып, мактоо баракчаларына ээ болгом. Университеттен дагы жакшы ийгиликтерге жетише алдым. Сүрөттү тартууга ата- бабалардын гени түрткү болот го деп ойлойм. Мисалы менин ата- бабаларымдын көбү уста болчу. Алардын табигий касиети менин каныма сиңип, ошондон улам сүрөтчүлүккө шыктуулугум жаралды го деп ойлой берем. Ал эми сүрөтчүлүктү эмес, тарыхчы болууну максат кылганымдын себеби, адам бир өнөр менен эле чектелбеш керек, сүрөтчү сөзсүз тарыхты билиш керек деген ойдомун. Жашоодо сүрөтчүлүктү дагы, тарыхты да экөөнү бирдей алып кетсем деген изги тилегим зор.



ТОКБАЕВ ЧЫҢГЫЗ, И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН ЧЫГЫШ ТААНУУ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР ФАКУЛЬТЕТИНИН 3- КУРСУНУН СТУДЕНТИ:

Университетибизде өткөн “Мистер КМУ” деп аталган кароо-сынакка катышып вице- мистер наамын багындырган, скрипкада мыкты ойногон таланттуу студент буларды айтты.

10 жашымда орустун белгилүү музыканты Александр Рыбактын “Fairytale” аттуу ырын көп угуп, ал ырдан эргүү алчумун. Ошол убактан тарта скрипка ойногонго кызыккам. Үйүбүздүн жанында музыкалык мектеп бар эле. Менин карындашым ал мектептен скрипка ойногонду үйрөнө баштаган. Анан мен дагы ата-энеме айтып карындашым менен чогуу ал окуган музыкалык мектепке бара баштагам. 10 жашка чыгып калгандыктан болсо керек, скрипканы дароо үйрөнүп кетүү кыйын болгон. Күнүгө 4-5 сааттан скрипка ойноп, колдорумду көндүрүп атып үйрөнгөм. 9- класста окуп атканда дзюдого жазылып алып, скрипканы таштап койдум. 2 жыл скрипкамды колума алган жокмун. Эки жылдан бери кайра кармап, скрипкада жакшылап ойногонду интернеттен карап үйрөнүп, чыгармаларды жана музыкалык чыгармаларды ойноп жаткан учурум.



КУНДУЗ ОСМОНОВА,
студент КГУ им. И. Арабаева

# КАНА ОКУРМАН, ОЙЛОН-ТАП, БЕЛЕК АЛ!

*Гезитибиздин өткөн санында жарыяланган кроссвордту эң биринчи Чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер факультетинин 4- курсунун студенти Осмонова Кундуз таап, редакцияга билдирген. Ал башы бат иштеген табышкер студентибиз кечээ жакында эле гезиттин башкы редактору Мирлан Алымбаевдин колунан ректораттын белегине ээ болду. Сиз да окурман жөн отурбастан гезиттеги кроссвордту батыраак чечмелей салып, белекке ээ болуңуз...*

**Байланыш телефону 0312 66 47 73, 0703 34 27 10**



**БАШКЫ РЕДАКТОР:**
Мирлан Алымбаев

**ЭЛЕКТРОНДУК ДАРЕК:**
alimbaeff@mail.ru

**ДИЗАЙНЕР:**
Кубат Абышов

**НУСКАСЫ:** 1000
**БУЙРУТМА:** 1682

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:**
Төлөбек Абдырахманов
Сыртбай Мусаев
Айчүрөк Калдыбаева
Шарапат Искендерова
Бакыт Мырзатаева

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган № 10170
Кол жазмалар кайтарылбайт жана рецензияланбайт.
Окурмандардын жарыялаган макалалары редакциянын көз карашын билдирбейт жана ага редакция жооп бербейт.

**ДАРЕГИ:**
Бишкек шаары
И. Раззаков көчөсү 49
**БАЙЛАНЫШ ТЕЛЕФОНУ:**
312 66 47 73, 0703 34-27-10

Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилди жана жасалганды. "ММКны колдоо боюнча борбор" фондунун басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Горький көчөсү-1б.

КУБАТБЕК ДЖАКЫПОВ

# Мугалимге



*Билик сымал билим нурун тараткан,*
*Бийиктикке бизди коштоп бараткан.*
*Бул турмуштун багбанысың – мугалим,*
*Болочоктун ээсин таптап жараткан.*

*Айткан сөзү акыл кошкон акылга,*
*Ата-энемдей камкор жансың асыл баа.*
*Чыксам дагы бир топ жашка өмүрдө,*
*Кадимкимдей кадырлаймын азыр да*

*Жапжаш элек анда таза барактай,*
*Жаздын күнү гүлүн ачкан чанактай.*
*Нечен ирет насаат кебиң укканбыз,*
*Тапкын,- деген өз жолуңду адашпай.*

*Ооба, туура ар бир кесип ардактуу,*
*Адистик көп ар кыл жана ар жактуу.*
*А бирок да адам кылган адамды,*
*Адистиги мугалимдин ардактуу.*

*Үлгү болгон өмүр жолу, жашоосу,*
*Эпке келген тентеги да азоосу.*
*Туура болор ийгиликке ким жетсе,*
*Устатым деп мугалимди атоосу.*

*Таалим берип басар жолду таанытткан,*
*Ак эмгекте күнү болбойт чаалыккан.*
*Дарыядай тереңдигиң суктантат,*
*Теңдеши жок мугалимсиң даанышман.*

*Сабырыңды, сагынарбыз кеч билип,*
*Адал ишиң көөнөрбөстүр эскирип.*
*Өзүң болдуң келечекке көпүрө,*
*Улуу кенчти урпактарга жеткирип.*

*Салыштырам мугалимди, жемишке,*
*Жаркып турган жемишинен бөлүшсө.*
*Шыктандырып, көңүлүмдү эргитип*
*Качан болсо сүрөп турат жеңишке.*

*Турмуш жолу элегинен өткөрөр,*
*Көз караштар өмүр өтсө өзгөрөр.*
*А бирок да адамзаттын ааламы,*
*Бул дүйнөдө мугалимсиз бөксөрөр.*

*Бар болгула, мугалимдер – асылдар,*
*Силер менен бийик максат жакындаар.*
*Силерге арнап, силер үчүн толгонуп,*
*Мактап, даңктап ыр жазышсын акындар.*

***25.09.2019.***





ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ, ПРОФЕССОР АТАНАЕВ ТОКТОСУН БЕГАЛИЕВИЧ

"А" дан баштап таанытып Ааламды,
Ажыратып чындыктан жалганды.
Адамзатты тарбиялап өстүргөн,
Мугалимден бөлөк дагы жан барбы?

Бала десе жерге коюп тамагын,
Билим берип , күндө окуп сабагын.
Болсо да үйдө сапырылган жумушу,
Биринчи орун жумуш экен карагын.

Тыңы болсо жаш баладай сүйүнүп,
Түйшүктөнүп, начарына күйүнүп.

Табамын деп издеп билим булагын,
Түн уйку жок, күндүз жүрөт жүгүрүп.

Жарытпайт го алган деле айлыгы,
Жанталашып иштейт билбей кайгыны.
Жаңы уядан таптап жүрүп учурган,
Жайдар мүнөз балдары анын байлыгы.

Куттуктаймын мугалимдер майрамын,
Күч-кубаттан айырбасын бар жагын.
Кара сөзгө койдум окшойт муютуп,
Калемгерлер жазаар менден калганын.



ТЫНАРБЕКОВА ТАБИХАТ ТЫНАРБЕКОВНА, И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН ПЕДАГОГИКА ФАКУЛЬТЕТИНИН 3- КУРСУНУН СТУДЕНТИ

Түмөндөгөн түйшүктү артам дагы,
Оордугунан белим ооруп талса дагы.
Жолоочу эмес айдоочу эмес,
Мен мугалим, мен мугалим билсин баары.

***

Мектеп-үйүм, окуучу-балам болуп,
Алдына билимден азык даяр коюп.
Өз энедей эзиле сүйүп анан,
Жамандан жанталаша бөлүп- коруп.

***

Таң заардан жумушка жөнөп эрте,
Шашпастан кайтамын кеч бешимде.
Кесибимдин улуулугун жүрөк туюп,
Салымымды кошуудамын деп мекениме.

***

Мен мугалим темирдей бекем жанмын,
Устатымын хандын да акылмандын.
Түгөнбөс тарыхым бар, таалайым бар,
Мен мугалим –аңыз кеби кылымдардын.



**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ФИЗИКА-МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ФАКУЛЬТЕТИНИН 3-КУРСУНУН СТУДЕНТИ АБЛЕСОВА ЖАЙНАГУЛДҮН МЕЗГИЛСИЗ ДҮЙНӨДӨН КАЙТКАНДЫГЫНА БАЙЛАНЫШТУУ, ЖАЙНАГУЛДҮН АТА-ЭНЕСИНЕ ЖАНА БИР ТУУГАНДАРЫНА, ФАКУЛЬТЕТТИН ЖАМААТЫ ЖАНА КУРСТАШТАРЫ КАЙГЫСЫН ТЕҢ БӨЛҮШҮҮ МЕНЕН КӨҢҮЛ АЙТАТ.**